# Эң мыкты бүтүрүүчү Ваджахат Хандын сүйлөгөн сөзү

Урматтуу мени менен бирге окууну аяктап жаткан бүтүрүүчүлөр! Урматтуу меймандар! Урматтуу ата-энелер, окутуучулар жана кызматкерлер! Кутмандуу таңыңыздар менен!

Бүгүнкү салтанаттын урматына биз баарыбыз бул жерге ушул эсте каларлык БАУнун үчүнчү бүтүрүү аземин майрамдаш үчүн чогулуп жатабыз. Мен, Ваджахат Хан, зор сыймыктануу жана терең ыраазычылык айтуу менен БАУнун 2023-жылдагы эң мыкты бүтүрүүчүлөрүнүн атынан сөз сүйлөө үчүн сиздердин алдыңыздарда турам. Биздин баарыбызды бул жерге алып келген саякат тууралуу ойлонуп жатып, билим алуудагы бекемдикти жана талыкпас аракеттерди эске түшүрдүм. Биздин жолдор ар түрдүү эле, биздин тажрыйбалар ар башка эле, бирок бизди академиялык өсүшкө жана өнүгүп-өркүндөөгө болгон жан дилибиз менен берилгендик бириктирип турат.

Менин түпкү тегим Хундур өрөөнү, Ясин деп аталган Гильгит Балтистандын алыскы аймагынан болом. Ал жакта сапаттуу билим алууга мүмкүнчүлүктөр чектелүү, ал эми жакынкы мектептер көптөгөн чакырым аралыктарда жайгашкан. Кыйынчылыктарга карабастан мен билим алууга болгон чечкиндүүлүгүмдөн тайыбадым жана оорчулуктар сапаттуу билим берүүнүн жеткиликтүү болушу – бул дүйнөдөгү бардык эле адамдарга бериле бербеген артыкчылык экенин түшүндүрдү. Бүгүн мен баардык кыйынчылыктарга карабастан мыкты билим алганыма ыраазымын. Бала кезимден баштап эле билимге болгон сүйүүмдү ойготкон ата-энем бар экенине сүйүнөм. Алар мага окуганга, суроолорду бергенге жана курчап турган дүйнөнү изилдөөгө дем-күч беришти. Ошондой эле мага ушул жолдо көмөкчү болушкан, сынчыл ой жүгүртүүгө түрткү беришкен жана кыялдарымдан эч качан баш тартпоого үндөгөн мугалимдериме да ыраазымын. Гильгит тоолорунан БАУнун жандуу чөйрөсүнө чейинки саякат оңой болгон жок. Мага бай тажрыйбаны тартуулап, ынтызарлык менен интеллектуалдык жана жеке адам катары өсүп жетүүгө суусаган инсан болуп калыптанууга жардам берди. БАУда окуган ушул жерде олтурган бүтүрүүчүлөр үчүн биздин саякат кайталангыс жана байсалдуу жашоо сапары болду деп айтсам жаңылышпайм.

Мен сиздерге БАУдагы тажрыйбаларыбыз канчалык кызыктуу болгондугун баяндап айтып берүүдөн мурда БАУнун Нарын жана Хорог кампустарындагы кайраттуу студенттерине ар кыл кыйынчылыктарга карабастан, аларды ийгиликтүү жеңе билгендиги үчүн бүгүнкү чогулган элден аларга кол чаап коюуну суранат элем.

Менин эсимде калганы: кампуска биринчи келгенде биздин жогорку курстагылар жаңы келгендерди түстүү боёктарго бай таржымалы жана тарыхы үчүн көрүп тургандыктарына кубанычта болушат эле. Алгач келгенибизде бизди келечекте эмнелер күтүп жатты экен деп тынчсыздандык. БАУдагы жашоо өзүнчө бир бийиктикке карай көтөрүлүү жана ылдый карай түшүүнү туюндурат. Ошол эле учурда нааразы болуу жана кейип-кепчүү кандай гана жаңы жерге барбагын коштоп жүрөт эмеспи. Биздин университетти дүйнөлүк деңгээлдеги агартуу мекемеси катары өзгөчөлөп турган жагы жандуу, амбициоздуу духта болушу эң кыйын учурда да колдон келген мүмкүнчүлүктү пайдаланууга бизге дем бергенинде. Чынында эле БАУ бизге өзүбүздү аңдап түшүнүүгө жана биздин күчтүү жактарыбыздын толук спектрин ачып, жашоонун кыйынчылыктарынан ишенимдүү басып

өтүүбүзгө  көмөктөштү. Бул жерде олтургандардын арасынан ошондой көйгөйлөр тууралу билгиси келгендер болсо, анда ал мисалдардын бири катары пандемия мезгилиндеги онлайн окууну айтат элем. Биздин жамынган төшөгүбүз жылуу болгон менен, балким, сабак учурунда бир нече жолу көзүбүз илинип үргүлөп кетет элек, бирок ошондо да биз буга алдырбаганга үйрөндүк. Менин курдаштарым буга терең маани берет эле, өзгөчө мына азыр жылмайып олтурган курбуларым. Чын-чынына келгенде ошол жылдардагы окуялардын баарын эскерүү аркылуу биздин өткөн кезге кусалыкты ойготот. Эми биз ошол эскерүүлөрдү аздектеп жатабыз: ачуусун да, таттусун да, жаманын да, жакшысын да. 2023-жылдагы бүтүрүүчүлөргө берилген футболкадагы "Тоодой мүмкүнчүлүктөр" деп аталган жазуу эске түшөт. БАУ чынында эле мүмкүнчүлүктөргө бай, муну менен бирге БАУнун баалуулуктарынын негизин түзгөн кабыл ала билүү, ар түрдүүлүк жана плюрализм жөнүндө улуу сабактар келип чыгат. Албетте, бул керемет жомок эгерде БАУ коомчулугунун ар бир мүчөсүнүн талыкпаган колдоосу жана чаалыкпаган эмгеги болбосо аягына чыкмак эмес.

Мен ушул өзгөчө учурдан пайдаланып Университеттин Канцлери Улуу даражалуу Ага Ханга жана Камкорчулар Кеңешине Борбор Азиянын тоолуу аймактарындагы даңазалуу университетти негиздөөнү максат кылган кыял-максаттары үчүн ыраазычылык билдирем. Мен БАУнун жогорку жетекчилигине, админстрациясына жана кызматкерлерине менин бүтүндөй саякатымда ак дилден кылган кызматын жана жетекчиликтерин көрсөткөндүгүнө ыраазымын. Биз, баардык бүтүрүүчүлөр эң мыкты окутуучуларыбыздын алдында чоң карыздарбыз. Себеби алар сапаттуу билим берүү максатында биз үчүн баарын жасап, чечкиндүүлүк жана чын ыкласы менен бизге шык-дем жетпей калган күндөрү да колдо болгон бардык мүмкүнчүлүктөрүн жумшап, түрткү берип келишти. Баалуу мүмкүнчүлүктөрдү камсыздап берген "Кооперативдик билим берүү" бөлүмүнө дагы ыраазычылык билдиргим келет. "Студенттик турмуш" бөлүмүнүн командасы да биздин жашоо-тиричилигибизге колдоо көрсөткөнү жана жөнгө салуудагы талыкпаган күч-аракеттери үчүн алкыштарга татыктуу.

Мен жогорку курстагылардын ар биринин үй-бүлөсүндөгү ата-энелерге, камкорчуларга, эже-сиңди, ага-инилерге балким анчалык даана билинбей жана жылуу сөз айтылбай калгандыктан, алардын бекем колдоосу жана ак дилден кылган мамилелери үчүн ыраазычылык билдирмекчимин. Андан сырткары, жашоомдогу мага дем-күч берген үчүн жана менин ушул даражага жетишимде орчундуу роль ойногон жакын адамдарыма да жүрөктөн чыккан ыраазычылыгымды жеткиргим келет. Ошондой эле бардык ата-энелерге алардын эч кандай сөз тең келбеген камкордугу жана мээнети үчүн ыраазычылык айтмакчымын. Аларсыз булардын баары ишке ашмак эмес. Бүгүн бизге ыйгарылган даража – өзүн-өзү өнүктүрүүнүн, жетишкендиктердин, өмүрүбүздүн акырына чейин улана турган баалуулуктар менен кыял-максаттардын институтунун символу катары кызмат кылат.

Биз бир нерсени эч качан унутпоого тийишпиз. Бул интеллектуалдык шыктандыруучу коомчулуктун жемиши, анткени ошондой эле биз да коомубузга карата андан камкордукту көрүү менен өзүбүз да жоопкерчиликти аркалайбыз. Биз дүйнөнү кандай көргүбүз келсе, ошондой өзгөрүүлөрдүн үлгүсү болууга милдеттүүбүз. Биз курч окуяларды издеп чыккан жаңы сапарыбызда тынчтык менен агартуунун элчилери жана коргоочулары болуубуз зарыл. Биздин саякат ушуну менен эле бүтүп калбастан, бүтүндөй

жашообузда дүйнөгө жана өзүбүздүн коомчулукка өзгөрүүлөрдү киргизүүгө, өсүп-өнүктүрүүгө жана гүлдөтүп-өркүндөтүүгө умтулуу менен уланмакчы. Келгиле, алдыбызда турган чакырыктарды кабыл алабыз жана өзүбүз үчүн гана эмес, жалпы эле коомдун өнүгүшү үчүн аракетибизди аябай алдыга жыла берелик. Мен өз сөзүмдү БАУнун Канцлери Улуу даражалуу Ага Хандын кайрылуусу менен аяктагым келет: “Билим берүүнүн даражасынчалык өзгөрүүлөргө даярдык көрүүнүн башка эң мыкты формасы жок”.

Мени менен бирге окууну аяктап жаткан бүтүрүүчүлөр силерди дагы бир жолу чын дилден куттуктайм. Ушул кайрылуу сиздерге жол көрсөтө турган жылдыз болсун! Бар болгула! Рахмат!